# ТААЛАЙЫМ, АЙ ТААЛАЙЫМ!

Байкоосуздан сени бүгүн көрүп калдым,
Балдай таттуу махабатты ойго салдың.
Кантип ал кезди эске албайын,
Жаштыктын жылдызы - таалайым, ай, таалайым!
Кайырма:
Жалгыз өтүп күндөрүм,
Сени күтүп жүргөмүн.
Жанымда бол, сүйгөнүм, ай сүйгөнүм!
Өттү десем алгач сүйүүм эрте гүлдөп,
Азыр дагы турам неге сенден сүрдөп?
Көптөн адашкан колуң кармайын,
Ак сүйүүм элең го - таалайым, ай, таалайым!
Кайырма:
Койсо дагы ортобузду жылдар бөлүп,
Кыйбай турам баштагыдай ынак көрүп.
Кантип кезиксең көзүм салбайын,
Жаштыктын жылдызы таалайым, ай, таалайым!
Кайырма: